**2020-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**Отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 22-майынындагы №06-1/273 буйругуна ылайык, аудитор А.Б. Турдумалиевдин жетекчилиги алдында мамлекеттик инспектор С.З. Утуров жана курулуш боюнча мамлекеттик инспектор Б.К. Джайлобаев тарабынан 2020-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы эсептелет.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын (мындан ары – Академия) жетекчилиги бюджеттик жана атайын каражаттардын тескелишине жана мыйзам чегинде ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Аудиттин милдети болуп, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Академиянын бюджеттик жана атайын каражаттарынын аткарылышы мыйзам талаптарына шайкеш келиши боюнча өз алдынча корутундуга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктаган жетиштүү тиешелүү далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт. Жүргүзүлгөн аудитордук жол-жоболор кырдаалга жана чогултулган аудитордук далилдерге, ушул отчётто баяндалган корутундуларга негиз берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептелет.

**Аудиттин предмети**

Академиянын иши, атайын каражаттарынын аткарылышын жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга жана иш кагаздарга шайкеш

келүүсүнө баа берүү.

**Аудит критерийлери**

- 2016-жылдын 16-майындагы № 59 Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик Кодекси”;
- 2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана төмөндөгү токтомдор;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы № 270 “Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу”;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 10-июлундагы № 480 “Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 489 “Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 511 “Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы № 527 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин буйругу менен бекитилген 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун колдонулушу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин буйругу менен бекитилген 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" буйругун колдонулушу;
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу Академиясынын Уставы, ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудитордук стандарттар**

Аудит INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдерди сактоону, ошондой эле аудиттин предмети анын баардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге дал келүүсүнө негизделген ишенимге келүү үчүн аудитти жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндалышы**

Аудиттин жүрүшүндө Академиянын ишмердүүлүгүнө тиешелүү ченемдик укуктук актылар, 2020-2024-жылдарга иш пландары жана отчеттору изилденди. Аудит, корутундуларды колдоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

**Аудит мезгилинде каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелинет:**

Биринчи кол коюу укугу менен, Академиянын ректору – А.А. Акматалиев, 2018-жылдын 26-декабрынан тартып 2025-жылдын 5-июнуна чейин; Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 5-июнундагы №177 тескемесине ылайык 2025-жылдын 5-июнунан тарта азыркы учурга чейин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын ректору – А.М. Калчакеева.

Экинчи кол коюу укугу менен, башкы бухгалтер – А.У. Деркимбаева 2014-жылдын 10-ноябрынан тапртып 2025-жылдын 26-мартына чейин, 2025-жылдын 27-мартынан тартып азыркы учурга чейин башкы бухгалтер – Ч.С. Казакбаева.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик

сектордун, коргонуунун, коомдук тартиптин жана коопсуздуктун чыгымдарына аудит жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Д.А.Арстанбеков жана республикалык бюджетке жана мамлекеттик мүлккө аудит жүргүзүү бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору А. Cooронбаев тарабынан 2018-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлөн.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн уюштурулушуна жана алып барылышына, финансылык отчеттуулуктун абалына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен 2014-2015-жылдары ижарачы К.Ч. Джумагулов 1250,0 миң сом карыз болгону аныкталган, бирок, азыркы убакка чеийин Академиянын атайын каражаттарынын эсебине К.Ч. Джумагулов тарабынан 2025-жылдын 3-апрелинде болгону 8,5 миң сом төлөнгөн. Академия тарабынган карызды өндүрүү боюнча бир нече жолу Башкы прокуратурага, сотко кайрылуу жазылган.

Маалыматтык технологиялардын Улуттук борборунун финансылык отчетун Консолидацияланган финансылык отчетко киргизүү камсыз кылынган эмес.

Ошондой эле, "Капитал КЖ" ЖЧКсы тарабынан 10 миң сом өлчөмүндө акча каражатын калыбына келтирүү камсыз кылынган эмес.

**Сунуштама**: Ижара акыга болгон 1241,5 миң сом өлчөмүндөгү мурунку жылдардан калган карызды толук өндүрүү камсыз кылынсын.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Мекеменин жалпы Жобосу, ишмердигинин негизги багыттары, ыйгарым укуктары, ишин уюштуруу, башкаруу түзүмү, билим берүү ишин уюштуруу, эсеп жана отчеттулук, ишин токтотуу тартиптери Академиянын Уставында белгиленген. Мекеменин Уставы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 26-сентябрында № 206 Жарлыгы менен бекитилген.

Академия өзүнүн уюштуруучулук-укуктук формасы боюнча мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу жаатында мамлекеттик билим берүүчү, окуу-усулдук, илимий жана маалыматтык-талдоочу мекеме болуп саналат.

Академиянын милдети мамлекеттик органдарды, уюмдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жогорку квалификациялуу адистер менен камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агентигинин, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин илимий-аналитикалык камсыздоо болуп саналат.

Академия мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана

муниципалдык кызматчыларды окутуу, мамлекеттик окутуу программалары боюнча мамлекеттик тапшырыкты түзүү жана жайгаштыруу, ошондой эле аны ишке ашыруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу окуу жайы болуп саналат.

Академия юридикалык жак болуп саналат, оперативдүү башкаруу укугунда өзүнө бекитилген мүлкү, өз алдынча балanска, казына системасында алыш-бериш эсептерине, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби түшүрүлгөн, мамлекеттик жана расмий тилдердеги өзүнүн аталышы жазылган мөөрүнө, штампына, фирмалык бланктарына ээ.

Академиянын түзүмүнө Маалыматтык технологиялардын Улуттук борбору, "Ак-Толкун" мамлекеттик ишканасы кирет. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-октябрындагы № 357 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясын кайра уюштуруу жөнүндө" Жарлыгына ылайык, Академиянын курамынан А. Токтоналиев атындагы Бишкек финансы-экономикалык колледжи 2023-жылдын 1-январынан тартып бөлүнүп чыгарылган.

**2020-2024-жылдарга республикалык бюджеттен каржылоого аудит**

Академия магистратура жана бакалавриат багыттары боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруу, жарандык мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо программалары боюнча окутуу үчүн, мамлекеттик билим берүү гранттарынын өлчөмүнүн негизинде республикалык бюджеттен каржыланат.

2020-жылы республикалык бюжеттен жалпы 12 518,7 миң сом суммасында каржыланган, анын ичинен: 10 245,1 миң сом мамлекеттик билим берүү гранттарынын өлчөмүнүн негизинде жана 2 273,6 миң сом - жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо программасына, анын ичинде 372,1 миң сом - мамлекеттик кызматчыларды окутуу чыгымдары.

2021-жылы жалпы 13737,0 миң сом суммасында каржыланган, анын ичинен: 10 511,3 миң сом мамлекеттик билим берүү гранттарынын өлчөмүнүн негизинде жана жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо программасына - 3 225,7 миң сом, анын ичинде 420,6 миң сом - мамлекеттик кызматчыларды окутуу чыгымдары.

2022-жылы республикалык бюжеттен жалпы 19 293,0 миң сом суммасында каржыланган, анын ичинен: 15381,3 миң сом мамлекеттик билим берүү гранттарынын өлчөмүнүн негизинде жана 3 911,7 миң сом жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчылардын

квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо программасына, анын ичинде 988,3 миң сом мамлекеттик кызматчыларды окутуу чыгымдары.

2023-жылы жалпы 27 381,6 миң сом суммасында каржыланган, анын ичинен: 18 758,9 миң сом мамлекеттик билим берүү гранттарынын өлчөмүнүн негизинде жана 8 622,7 миң сом жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо программасына, анын ичинде 4 842,9 миң сом мамлекеттик кызматчыларды окутуу чыгымдары.

2024-жылы жалпы 30 804,1 миң сом суммасында каржыланган, анын ичинен: 19 950,5 миң сом мамлекеттик билим берүү гранттарынын өлчөмүнүн негизинде жана жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо программасына 10853,6 миң сом, анын ичинде 5 202,0 миң сом мамлекеттик кызматчыларды окутуу чыгымдары түзгөн.

Академияда бюджеттен 2024-жылга эмгек акыга такталган чыгымдардын сметасы 21 644,8 миң сомду түзгөн. 2024-жылдын 1-сентябрында бекитилген административдик башкаруу персоналы, техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын 67 штатык тизими Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 788 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык түзүлгөн, мындан тышкары 22 профессордук-окутуучулук курамына (17,75 ставка) тарифтик тизме түзүлгөн.

Академиянын Башкаруу боюнча жогорку курстарында 2020-жылы 19 группада 319 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер окуган, 2021-жылы 37 группада 570 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер окуган, 2022-жылы 56 группада 1002 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер квалификациясын жогорулаткан, 2023-жылы 2389 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер Академиянын жогорулатуу курстарында квалификациясын жогорулаткан, ал эми 2024-жылы 2639 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер Академиянын жогорулатуу курстарын аяктаган.

**Илимий-изилдөө иштерине аудит**

Академияга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 23-январындагы № 66/1 буйругунун негизинде, республикалык бюджеттин эсебинен илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө 2020-2022-жылдарга ар жыл сайын 500,0 мин сом каражат бөлүнгөн, “Илим” бөлүмү боюнча казналык эсеп ачылган.

2020-жылга 0,5 ставка менен 13 илимий кызматкердин жылдык эмгек акы фондусу 500,0 миң сом менен штаттык тизиминин тарифтик тизмеси түзүлгөн. Чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган жана кассалык чыгымдар 586,2 миң сомду

түзгөн.

2021-жылга 0,5 ставка менен 11 илимий кызматкердин жылдык эмгек акы фондусу 424,9 миң сом менен штаттык тизиминин тарифтик тизмеси түзүлгөн. Чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган жана 498,3 миң сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде 498,0 миң сомго кассалык чыгымдоолор болгон, анын ичинен 424,8 миң сом 211 "Эмгек акы" беренесине жана 212 "Социалдык фондго төлөмдөр" беренеси боюнча кассалык чыгашалар 73,2 миң сомго жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 28-мартындагы №1129/1 буйругунун негизинде, республикалык бюджеттин эсебинен 1 923,7 миң сом каражат бөлүнгөн, анын ичинен 1640,7 миң сом 2111 "Эмгек акы" беренесине жана 2121 "Социалдык фондго төлөмдөр" беренеси боюнча кассалык чыгашалар 283,0 миң сомго жүргүзүлгөн.

2023-жылга бир илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерин жүргүзүүгө 10 илимий кызматкер 1,0 ставка менен жана 1-илимий кызматкер 0,75 ставка менен 9 эмгек акы фондусу 639,7 миң сом менен штаттык тизиминин тарифтик тизмеси түзүлгөн, ал эми экинчи илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерин жүргүзүүгө 13 илимий кызматкер 1,0 ставка менен 9 эмгек акы фондусу 999,2 миң сом менен штаттык тизиминин тарифтик тизмеси түзүлгөн

Жалпы чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган жана 1923,7 миң сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде 1923,7 миң сомго кассалык чыгымдоолор жүргүзүлгөн, анын ичинен 1640,7 миң сом 2111 "Эмгек акы" беренесине жана 2121 "Социалдык фондго төлөмдөр" беренеси боюнча кассалык чыгашалар 283,0 миң сомго аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы тарабынан 2020, 2021 жана 2023-жылдары жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине отчет тапшырылган жана протокол менен бекитилген.

**Окуучулардын штатына жана контингентине аудит жүргүзүү, окуудан четтетилген окуучуларга атайын каржылоолорду түзөтүү киргизүү**

Окуучуларга жогорку кесиптик билим берүү боюнча жана жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоого аудиториялар керектүү материалдык-техникалык каражаттар менен камсыздалган. Академиянын 4 окуу корпусу бар, алардын 3 корпусу Панфилов көчөсү, 237 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 4891,5 м.кв. түзөт жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу

“Мамлекеттик имараттар Департаменти” менен 2021-жылдын 11-февралында № 5 келишим түзүлгөн. Бул окуу имараты Фрунзе көчөсү 477 дарегинде жайгашкан.

Академиянын 142,85 м.кв. жайгашкан 1 ашканасы жана 2024-жылдын аягына 23 857 китеп фонду менен бир китепкасы бар. Контингент, контракттык окуу боюнча 2020-2024 окуу жылдарга карата маалыматы отчеттун №1 тиркемесинде берилет.

Окуучуларга стипендиялар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005- жылдын 27-июнундагы №261 “Кыргыз Республикасында баштапкы, орто жана жогорку билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарында окуучуларга стипедиялардын өлчөмүн аныктоо жөнүндө” токтомуна ылайык төлөнбөйт.

**2020-2024-жылдарга кирешелердин түзүлүшүнө жана атайын каражаттардын чыгаша сметасынын аткарылышынын аудити**

2020-2024-жылдары аудит мезгилине карата кирешелер келишим негизинде окуудан келип түшкөн каражаттардын, Академиянын жатаканасында жашаган студентерден түшкөн каражаттардын, ижара акыларынан жана башка кирешелердин эсебинен түзүлгөн.

**2020-жылы атайын каражаттын аткарылышы**

2020-жылы Академиянын атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы жөнүндө № 4 формадагы отчетунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын сметасы бекитилген, атайын каражаттар түзүлгөн келишимдер боюнча жүргүзүлгөн окутууларга төлөмдөрдүн жана жатаканадан, ижарадан түшкөн каражаттардын эсебинен түзүлөт:
- студенттерди контракттык окутуудан – 32 040,8 миң сом;
- студенттердин жатакана эсебинен – 2 414,5 миң сом;
- документтерди кабыл алуу – 297,0 миң сом;
- жана башка – 46,8 миң сом;
- Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору – 1022,8 миң сом.

Атайын каражаттардын 2020-жылга түзүлгөн Ф-4 отчету боюнча, жыл башына карата калдык 3 170,4 миң сомду түзгөн.

Атайын каражаттардын киреше бөлүгү жыл башында 44 524,7 миң сомго пландаштырылган Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору 6 138,0 миң сом болсо, жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган план 34 524,7 миң сомду түзгөн. Жалпы жыл ичинде 35 821,9 миң сом акча каражаты түшкөн. Түшкөн кирешеден 112,8 миң сом Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине которулган, 132,2 миң сом контракттан студенттерге кайтарылып берилген. Ошондо таза киреше 35 576,9 миң сомду тузгөн.

Ал эми чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган план 42 895,0 миң сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде 23 071,5 миң сомго кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, ал эми анык чыгымдар 23 400,4 миң сомду түзгөн, Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору 1032,5 миң сомго кассалык чыгымдоолор, анык чыгымдар - 1026,1 миң сом. Жылдын аягына карата атайын каражаттардын эсебинде 13 714,9 миң сом калдык калган, Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору 928,3 миң сом.

2020-жылы кассалык чыгымдардын жалпы көлөмүндө “Эмгек акы” 80,7% жана “Социалдык фондго төлөмдөр” 13,9% түзгөн, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” 2,4%, ал эми “Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр” 2,7% түзгөн.

**2021-жылы атайын каражаттын аткарылышы**

2021-жылдагы Академиянын атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы жөнүндө № 4 формадагы отчетунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын сметасы бекитилген. Атайын каражаттар түзүлгөн келишимдер боюнча жүргүзүлгөн окутууларга төлөмдөрдүн жана жатаканадан, ижарадан түшкөн каражаттардын эсебинен түзүлөт:

- студенттерди контракттык окутуудан – 38 608,9 миң сом;
- студенттердин жатакана эсебинен – 2 137,5 миң сом;
- абитуриенттерден документтерди кабыл алуу – 191,5 миң сом;
- жана башка – 0,6 миң сом;
- “Ак-Толкундан” кайтарылган каражат – 500,0 миң сом;
- Ижара – 310,3 миң сом.

Атайын каражаттардын 2021-жылга түзүлгөн Ф-4 отчету боюнча, жыл башына карата калдык 13 714,9 миң сомду тузгөн.

Атайын каражаттардын киреше бөлүгү жыл башында 44 524,7 миң сомго пландаштырылган, Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору 6138,0 миң сом, жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган план 41 748,8 миң сомду түзгөн. Түшкөн кирешеден 282,3 миң сом Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине которулган, 186,7 миң сом контракттан студенттерге кайтарылып берилген, 500,0 - Ак-Толкунга накталай акчанын жетишсиздигинен улам, убактылуу толуктоого берилген. Таза киреше 40 779,8 миң сомду тузгөн.

Ал эми чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган план 58 239,5 миң сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде 32 123,5 миң сомго кассалык чыгымдоолор, ал эми анык чыгымдар 31 669,4 миң сомду түзгөн. Жылдын аягына карата атайын каражаттардын эсебинде 22 371,1 миң сом калдык калган.

2021-жылы кассалык чыгымдардын жалпы көлөмүндө “Эмгек акы” 74,8 % жана “Социалдык фондго төлөмдөр” 12,7 % түзгөн. “Товарларды

жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" 3,8 %, ошондой эле, кассалык чыгымдардын жалпы көлөмүндө чоң чыгымдарды "Товарларды жана кызматтарды сатып алуу" беренси түзөт - 5,3 %, ал эми "Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" 1,4 % түзгөн.

**2022-жылы атайын каражаттын аткарылышы**

2022-жылдагы Академиянын атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы жөнүндө № 4 формадагы отчетунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын сметасы бекитилген. Атайын каражаттар, окутууларга болгон төлөмдөрдөн жана жатаканадан, ижарадан түшкөн каражаттардын эсебинен түзүлөт:

- студенттерди контракттык окутуудан - 49 522,3 миң сом;
- студенттердин жатакана эсебинен - 2053,9 миң сом;
- абитуриенттерден документтерди кабыл алуу - 416,5 миң сом;
- жана башка – 203,4 миң сом.

Атайын каражаттардын 2022-жылга түзүлгөн Ф-4 отчету боюнча, жыл башына карата калдык 22 371,1 миң сомду түзгөн.

Атайын каражаттардын киреше бөлүгү жылына 44 524,7 миң сомду түзгөн. Жалпы 2022-жыл ичинде 52 310,6 миң сом акча каражаты түшкөн, же тактaлган пландан 7 786,0 миң сомго, же 117,5 % ашык аткарылган. Түшкөн кирешеден 94,2 миң сом Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине которулган, 251,9 миң сом контракттан студенттерге кайтарылып берилген. Ошондо таза киреше 51 964,6 миң сомду түзгөн.

Ал эми чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен тактaлган план 66 895,8 миң сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде 44 548,4 миң сомго кассалык чыгымдар түзүлгөн. Жылдын аягына карата атайын каражаттардын эсебинде 29 787,3 миң сом калдык калган.

2022-жылы да кассалык чыгымдардын жалпы чыгымдардын негизги жана маанилүү бөлүгүн "Эмгек акы" 76 % жана "Социалдык фондго төлөмдөр" суммасы чыгымдардын 13 % түзөт.

**2023-жылы атайын каражаттын аткарылышы**

2023-жылдагы Академиянын атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы жөнүндө № 4 формадагы отчетунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын сметасы бекитилген. Атайын каражаттар түзүлгөн келишимдер боюнча жүргүзүлгөн окутууларга төлөмдөрдүн жана жатаканадан, ижарадан түшкөн каражаттардын эсебинен түзүлөт:

- студенттерди контракттык окутуудан – 63 008,8 миң сом;
- студенттердин жатакана эсебинен – 1 059,4 миң сом;

- абитуриенттерден документтерди кабыл алуу – 644,0 миң сом;
- жана башка – 31,4 миң сом;

Атайын каражаттардын 2023-жылга түзүлгөн Ф-4 отчету боюнча, жыл башына карата калдык 29 787,3 миң сомду тузгөн.

Атайын каражаттардын киреше бөлүгү жылына 44 524,7 миң сомду түздү. Жалпы 2023-жыл ичинде 65 327,3 миң сом акча каражаты түшкөн, же такталган пландан 20 802,6 миң сомго, же 146,7 % ашык аткарылган. Түшкөн кирешеден 258,5 миң сом Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине которулган, 110,4 миң сом контракттан студенттерге кайтарылып берилген, 500,0 – “Ак-Толкунга” накталай акчанын жетишсиздигинен улам, убактылуу толуктоого берилген. Ошондо таза киреше 64 458,4 миң сомду түзгөн.

Ал эми чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган план 67 645,5 миң сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде 62 651,9 миң сомго кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн. Жылдын аягына карата атайын каражаттардын эсебинде 31 593,9 миң сом калдык калган.

2023-жылы кассалык чыгымдардын жалпы көлөмүндө “Эмгек акы” - 62,4% жана “Социалдык фондго төлөмдөр” - 10,7%.

Ошондой эле, кассалык чыгымдардын жалпы көлөмүнүн абдан чон салыштырма салмагы мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар түзгөн - 14,1%, имараттар жана курулуштар беренеси - 4,5% жана “Коммуналдык кызмат көрсөтүлөр” - 2,4% түзгөн.

**2024-жылы атайын каражаттын аткарылышы**

2024-жылдагы Академиянын атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы жөнүндө № 4 формадагы отчетунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын сметасы бекитилген. Атайын каражаттар түзүлгөн келишимдер боюнча жүргүзүлген окутууларга төлөмдөрдүн жана жатаканадан, ижарадан түшкөн каражаттардын эсебинен түзүлөт:
- студенттерди контракттык окутуудан – 83 484,3 миң сом;
- студенттердин жатакана эсебинен – 1 892,3 миң сом;
- абитуриенттерден документтерди кабыл алуу – 700,0 миң сом.
- “Ак-Толкундан” кайтарылган каражат – 500,0 миң сом;
- Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору – 301,2 миң сом.

Атайын каражаттардын 2024-жылга түзүлгөн Ф-4 отчету боюнча, жыл башына карата калдык 31 593,9 миң сомду түзгөн.

Атайын каражаттардын киреше бөлүгү жыл башында пландаштырылган, жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган план 52 000 миң сомду түзгөн, Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору 6138,0 миң сом. Түшкөн кирешеден 2 105,0 миң сом Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине

которулган, 423,0 миң сом контракттан студенттерге кайтарылып берилген. Таза киреше 83 425,2 миң сомду түзгөн.

Ал эми чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган план 83 593,9 миң сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде 71 643,2 миң сомго кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору 266,4 миң сом. Жылдын аягына карата атайын каражаттардын эсебинде 43 375,9 миң сом калдык калган, Туруктуу экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү долбоору 34,8 миң сом.

2024-жылы кассалык чыгымдардын жалпы көлөмүндө "Эмгек акы" – 71 % жана "Социалдык фондго төлөмдөр" – 12,2 %.

Бул жылы да кассалык чыгымдардын жалпы көлөмүнөн абдан чон салыштырма салмакты мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар түзгөн – 9,3%.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында штаттык бирдиктин түзүлүшүнө жана эмгек акы төлөө фондусунун туура түзүлүшүнө аудит**

Академиянын штатык тизими Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 788 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде бекитилген.

Академияда окуучуларга жогорку кесиптик билим берүү боюнча жана жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоого 2024-жылдын 1-сентябрына жалпысынан штаттык бирдиктеги 50, 15 ички штаттан тышкаркы окутуучулары жана 79 штаттан тышкаркы окутуучулар эмгектенет жана 83 адмиинистративдик башкаруу, техникалык кенже тейлөөчү персонал курам эмгектенет (67 штатык курам-бюджеттен каржыланат), ал эми 16 штаттык бирдик – атайын эсептин каражаттарынан каржыланат, анын ичинен: адмиинистративдик башкаруу курамы 60,5, техникалык тейлөөчү персонал 7,5 жана кенже тейлөөчү персонал 15 штатык бирдикти түзөт.

**Аныкталды:** 2020-2024-жылдары Академиянын окутуучулары жана административдик башкаруу, техникалык кенже тейлөөчү персонал курамы атайын каражатын эсебинен 16 820,7 миң сомго сый акы алышкан.

2020-жылдын 25-декабрындагы №3/148 буйругу менен аккредитациялоо жол-жобосун уюштуруу жана өткөрүү боюнча даярдык иштерине байланыштуу окуутучулар жана кызматкерлер негизсиз 56,0 миң сомго сый акы алышкан.

2024-жылы 19-мартындагы №3/21 буйругу менен Нооруз майрамынын урматына кызматчыларга негизсиз 330,0 миң сомго сый акы

берилген.

2024-жылдын 4-сентябрындагы №3/81 буйругу менен Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдыгына, Кара-Калпак автономиялуу облусунун 100 жылдыгына карата окутуучуларга жана кызматкерлерге негизсиз 2 045,0 миң сомго сый акы берилген.

**Сунуштама:** “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында “эмгек акы төлөө жөнүндө” Жобонун негизинде жана Камкорчулар кеңешинин макулдугусуз кызматкерлерге атайын каражаттардын эсебинен сый акы төлөө практикасын токтотуу маселеси каралсын.

**Кызматтык иш сапар чыгашаларына аудит**

**Аныкталды:** 2023-жылдын 7-августундагы № 1/15-К буйругунун негизинде Академиянын ректору А.А. Акматалиев, ректордун кеңешчиси Мурзаев С.К. жана институттун директору Шамкеев Б.А. Өзбекстан Республикасына Ташкент шаарына 2023-жылдын 13-августунан тартып 18-августуна чейин семинарга катышууга барышкан. Авансалык отчету даярдоодо жол кире чыгымдары 36,0 миң сом таксиге төлөнгөн. Бирок, автомашинанын ээси тарабынан берилен электрондук патенттин мөөнөтү өтүп кеткен (жарактуу мөөнөтү 2023-жылдын 3-майында бүткөн).

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык иш алып барылсын.

**Негизги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга, ТМБлардын ченемден ашык корлоруна жана алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга аудит**

Бухгалтердик баланс боюнча чийки заттар жана материалдар 2024-жылдын аягына 1 010,2 миң сомду түзгөн жана баасы төмөн жана эскирүүчү буюмдары 3 864,6 миң сомду түзгөн. Мезгил аягындагы бардык корлор - 4 874,8 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттардын калдыктары токтомдо белгиленген норма/күндүн чегинен ашкан.

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген нускама боюнча ашыкча

товардык-материалдык баалуулуктарды (ТМБны) алуу ченемден ашпоого тийиш. ТМБны ашыкча сатып алуунун негизинде 2024-жылы 516,5 мин сомдук товардык калдык Академиянын кампасында колдонулбай калган (874,0/360 күн*180 күн= 437040 сом – 953,5 сом = 516,5).

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген нускама боюнча ашыкча ТМБны алуу ченемдин ашпоого тийиш. ТМБны ашыкча сатып алуунун негизинде 2024-жылдын аягына 516,5 миң сомдук товардык калдык Академиянын кампасында колдонулбай калган.

**Сунуштама:** Сатып алынган товардык-материалдык баалуулуктар белгиленген нормативдик документтерге ылайык өз убагында пайдалануусу камсыз кылынсын.

**Коммуналдык кызмат төлөмдөрүнө аудит**

Академия Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2020-2024-жылдарга карата бюджеттик мекемелер үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө буйругу менен электр, жылуулук энергиясына бекитилен лимиттерден чыкан эмес. Жаратылыш газын ашык колдонууга жол берилген, же лимиттен 2022-жылы 511 м.куб. ашкан 11,3 миң сомго, ал эми 2023-жылы 9,3 миң сом, 378 м.куб ашык колдонулган, баардыгы 20,5 миң сомго ашыкча чыгымдоо болгон.

Академиянын атайын каражаттарынын эсебинен коммуналдык кызматтарга сарпталган акча каражатары:

- 2021-жылы сууга акы – 9,1 миң сомду, 2022-жылы – 77,3 миң сомду, сууга акы төлөө кассалык чыгымдар 2023-жылы – 105,6 миң сомду, ал эми 2024-жылы 61,4 миң сомду түзгөн;
- 2020-жылы электр энергиясынын чыгымына 91,0 сарпталган, ал эми 2021-жылы кассалык чыгымдар 90,4, чыгымдар 4-формадагы отчетуна ылайык анык чыгым 50,5 миң сомду түзгөн, 2022-жылы электр энергияга кассалык чыгымдар 141,4 миң сомду түзгөн, 2023-жылы 411,7 миң сомду түзгөн, ал эми 2024-жылы кассалык чыгымдар 523,0 миң сомду түзгөн;
- жылуулук энергиясынын чыгымына 2020-жылы 488,2 миң сом сарпталган, анык чыгым 398,4 миң сомду түзгөн, ал эми 2021-жылы кассалык чыгымдар 310,4 миң сомду түзгөн, анык чыгым 151,2 миң сом болгон, 2022-жылы кассалык чыгым 513,84 миң сомду түзгөн, жылуулук энергиясынын чыгымына 2023-жылы 870,9 миң сом сарпталган, ал эми 2024-жылы 1387,1 миң сом сарпталган;
- газдын чыгымына сарпталган акча каражаттары: 2020-жылга 32,4 миң сом, 2021-жылга 42,1 миң сом, 2022-жылга 41,6 миң сом, 2023-жылга 38,6 миң сом жана 2024-жылга 28,0 миң сом.

**Сунуштама:** Жаратылыш газы жана башка коммуналдык кызматтар

боюнча белгиленген лимиттерди так сактоо камсыз кылынсын.

**2021-2024-жылдары имараттарды капиталдык оңдоо жана имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдарга, мамлекеттик сатып алуулардын мыйзамдуулугуна аудит**

Академия 2021-жылы атайын каражаттын эсебинен имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар боюнча 1 935,9 миң сомго келишим түзгөн, 2022-жылы 649,5 миң сомго келишим түзүлгөн, 2023-жылы имараттарды капиталдык оңдоо жана имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар боюнча 12 614,9 миң сомго, ал эми 2024-жылы 6 640,49 миң сомго келишим түзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясына караштуу Бишкектеги А.Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникуму**

**Аныкталды:** Жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгында 14 студент 2020-2021 жана 2021-2022-окуу жылында контракттык негизде окуусун аяктаган учурда окуу акысын толук төлөбөгөндүгү аныкталды. Карыздын жалпы суммасы 392,2 миң сомду түзөт.

Бул студенттерге жогорку билим тууралуу дипломдор өз убагында даярдалган, бирок учурда карыздардын төлөнбөгөндүгүнө байланыштуу дипломдор берилген эмес. Бардык учурлар документтештирилген.

**Корутунду:** Мындан ары бүтүрүүчүлөргө карата тиешелүү чараларды көрүү, анын ичинде болгон карыздары жана аны төлөө тартиби жөнүндө кабарлоо мүмкүнчүлүгүн карап чыгууну, ошондой эле финансылык милдеттенмелер жөнгө салынгандан кийин дипломдорду даярдоо боюнча мындан аркы аракеттерди күчөтүү керек.

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген көрсөтмө боюнча ашыкча товардык-материалдык баалуулуктарды алуу ченемден ашпоого тийиш. БФЭТтин директорунун административдик-чарбалык иштер боюнча орун басарынын чарбалык иштерге ТМБны ашыкча сатып алуунун негизинде 2525,6 миң сомдук товардык калдык техникумдун кампасында колдонулбай калган.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген ашыкча товардык-материалдык баалуулуктарды алуу ченемдин ашпоого тийиш. БФЭТтин директорунун административдик-чарбалык иштер боюнча орун басарынын чарбалык иштерге ТМБны ашыкча сатып алуунун негизинде, 2525,6 миң сомдук товардык калдык техникумдун кампасында колдонулбай калган.

**Сунуштама:** Чарбалык иштин натыйжалуулугун жогорулатуу жана каражаттарды натыйжасыз пайдалануу тобокелдигин азайтуу максатында, сатып алынган товардык-материалдык баалуулуктарды максаттуу пайдалануу камсыз кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын “Ак-Толкун” малекеттик ишканасы**

**Аныкталды:** 2021-жылдын 28-апрелиндеги Академия менен “Ак-Толкун” мамлекеттик ишканасынын ортосунда кайтарымдуулук жана пайызсыз негизде акча каражаттарын бир жолку которуу жөнүндө келишим түзүлгөн. Анын негизинде “Ак-Толкун” мамлекеттик ишканасына 2021-жылдын жайкы эс алуу мезгилине даярдык көрүш үчүн 500,0 миң сом берилген. Келишимдин негизинде акча каражаты кайра Академияга 31-июлга чейин кайтарылып берилмек, бирок 2021-жылдын 10-августунда кайтарылып берилген.

Ошондой эле кайрадан 2023-жылдын 11-майындагы Академия менен “Ак-Толкун” мамлекеттик ишканасынын ортосунда кайтарымдуулук жана пайызсыз негизде акча каражаттарын бир жолку которуу жөнүндө келишим түзүлгөн, анын негизинде “Ак-Толкун” мамлекеттик ишканасына 2023-жылдын жайкы эс алуу мезгилине даярдык көрүш үчүн 500,0 миң сом берилген. Келишимдин негизинде акча каражаты кайра Академияга 2023-жылдын 10-сентябрына чейин кайтарылып берилмек, бирок 2024-жылдын 20-июнунда 300,0 миң сом жана 26-июлда 200 миң сом кайтарылып берилген.

Макулдашууда көрсөтүлгөн сезонго даярдык көрүү максатында оңдоп-түзөө иштерине сарпталуучу каражат, тактап айтканда, 300,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты салык карыздары үчүн багытталган.

**Сунуштама:** Мындан ары макулдашууда көрсөтүлгөн талаптарды так аткарылышын камсыз кылуу жана макулдашууда көрсөтүлгөн шарттарга ылайык акча каражатарын максатуу колдонууга шарт түзүлсүн.

**Маалыматтык технологиялардын Улуттук борбору**

Маалыматтык технологиялардын Улуттук борбору Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 2-апрелиндеги № 65 жарлык менен түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 30-апрелиндеги № 57 Жарлыгы менен Маалыматтык технологиялардын Улуттук борбору Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын түзүмүндөгү өзүнчө юридикалык жак катары өткөрүлүп берилген.

Бекиттилген Уставына ылайык, борбордун миссиясы – билим берүү программаларын, анын ичинде санариптик көндүмдөрдү жана компетенцияларды улуттук программалар аркылуу ишке ашыруу, аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана маалыматташтыруу жана компьютерлештирүү көйгөйлөрү боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү.

Маалыматтык технологиялардын Улуттук борборунун 2022-жылдын

башындагы каражаттарынын калдыгы 9,5 миң сомду түзгөн.

2022-жылдагы каржылык натыйжалуулукту талдоодо киреше 1 812,6 миң сомду түзгөн, анын ичинде, билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн (курстар) - 1 022,5 миң сом, Toefl тестирлөөдө - 762,1 миң сом жана сервер менен хостингдин кызматынан - 28,0 миң сом. Отчеттук мезгил ичинде 1714,3 миң сомду кассалык чыгымдар түзгөн, анын ичинде "Эмгек акы" - 1320,6 миң сом, "Социалдык фондго төлөмдөр" - 227,8 миң сом, "Байланыш кызматын көрсөтүү" - 11,6 миң сом, "Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" - 138,0 миң сом жана "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" - 16,3 миң сом.

2023-жылдын 1-январына калган каражаттардын калдыгы 489,2 миң сомду түзгөн.

2023-жылы киреше 999,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде, билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн (курстар) - 558,0 миң сом, Toefl тестирлөө кызматы үчүн - 222,2 миң сом жана сервер менен хостингдин кызматынан - 219,3 миң сом. Отчеттук мезгил ичинде 1169,1 миң сомду кассалык чыгымдар түзгөн, анын ичинде "Эмгек акы" - 757,0 миң сом, "Социалдык фондго төлөмдөр" - 130,6 миң сом, "Байланыш кызматын көрсөтүү" - 7,2 миң сом, "Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" - 129,9 миң сом, "Дагы башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" - 134,5 миң сом жана "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" - 9,9 миң сом.

2024-жылдын 1-январына калган каражаттардын калдыгы 319,5 миң сомду түзгөн, киреше 1211,6 миң сомду түзгөн, анын ичинде, билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн (курстар) - 846,0 миң сом, Toefl тестирлөө кызматы үчүн - 139,1 миң сом жана сервер менен хостингдин кызматынан - 226,5 миң сом. Отчеттук мезгил ичинде 1454,3 миң сомду кассалык чыгымдар түзгөн, анын ичинде "Эмгек акы" - 802,9 миң сом, "Социалдык фондго төлөмдөр" - 122,7 миң сом, "Кызматтык иш сапарларга чыгашалар" - 165,8 миң сом, "Байланыш кызматын көрсөтүү" - 0,6 миң сом, "Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" - 48,2 миң сом, "Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" - 129,7 миң сом, "Дагы башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" - 180,1 миң сом жана "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" - 4,1 миң сом.

Ал эми чыгаша боюнча смета жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен такталган план 66 895,8 сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде 44 548,4 сомго кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн. Жылдын аягына карата атайын каражаттардын эсебинде 29 787,3 сом калдык калган.

Маалыматтык технологиялардын Улуттук борборунун финансылык отчетун Консолидацияланган финансылык отчетко киргизүү камсыз кылынган эмес.

2020-жылдын финансылык документтери аудитке берилген жок,

себеби, ал убактагы бухгалтер тарабынан Академияга каржылык отчет берилген эмес, ал эми 2021-жылы салык инспекциясына берилген Маалыматтык технологиялардын Улуттук борборунун бирдиктүү салык декларациясында киреше жана чыгашалар көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуш:** Маалыматтык технологиялар борбору бухгалтердик жана каржылык эсепти так жүргүзсүн, консолидцияланган каржылык отчеттуулукту түзүп, салык декларацияларын өз убагында тапшыруу тартиби күчөтүлсүн.

Көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына берилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **А.Б. Турдумалиев**